ОшМУнун МФТИТ институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын

№16 чогулушунун протоколунан

К Ө Ч Ү Р М Ө

*Ош шаары*

*Төрага - Жолдошов Т.М.*

*Катчы – Мамадиярова А.А.*

*Катышкандар: кафедранын мүчөлөрү(тизме тиркелет).*

**К Ү Н Т А Р Т И Б И:**

4.1. КМИГД кафедрасынын окутуучусу Шермаматов Жолдошбек тарабынан "Геометриялык фигураларды тандоо жана жайгаштыруу (Move & Lasso Tools)" темасында өткөрүлгөн ачык лабораториялык сабак тууралуу.

**УГУЛДУ:**

Т.М. Жолдошов – тех.и.к., доцент, КМИГД кафедрасынын башчысы:

2026-жылдын 16-февралында 1-курс, ГД-1-25 тайпасында «Компьютердик сүрөттөрдү иштетүү» дисциплинасы боюнча КМИГД кафедрасынын окутуучусу Шермаматов Жолдошбек тарабынан «Геометриялык фигураларды тандоо жана жайгаштыруу (Move & Lasso Tools)» темасында ачык лабораториялык сабак өткөрүлгөнү маалымдалды.

Сабак 230-аудиторияда, белгиленген графикке ылайык уюштурулду. Окутуучунун максаты студенттерге Adobe Photoshop программасында Move Tool жана Lasso Tool инструменттерин туура колдонуу, объекттерди так тандоо, жылдыруу жана жөнөкөй композиция түзүү көндүмдөрүн калыптандыруу болуп белгиленди.

Сабактын максаты: Студенттерге Adobe Photoshop программасында геометриялык фигураларды тандоо жана жайгаштыруу ыкмаларын үйрөтүү; Move Tool жана Lasso Tool инструменттеринин мүмкүнчүлүктөрүн практикалык иштер аркылуу өздөштүрүү жана композиция түзүүдө туура колдоно билүүгө жетиштирүү болду.

Сабак төмөнкү этаптар менен жүргүзүлдү:

Сабак төмөнкү планга ылайык жүргүзүлдү:

- Перемещение (Move Tool) инструментинин мүмкүнчүлүктөрү

– объекттерди жылдыруу, көчүрүү жана жайгаштыруу;

- Лассо (Lasso Tool) инструменттеринин түрлөрү

– Lasso, Polygonal Lasso, Magnetic Lasso менен тандоо ыкмалары;

- Практикалык колдонуу

– тандалган объектти жылдыруу жана жөнөкөй түзөтүүлөрдү аткаруу.

Сабактын жүрүшүндө кафедра мүчөлөрү студенттердин активдүү катышуусун жана өз алдынча иштөө жөндөмдөрүн белгилешти. Практикалык бөлүктө студенттердин инструменттерди так колдонуу жөндөмү жакшы бааланган.

Сабактын уюштурулушу, материалдын логикалык байланышы, теория менен практиканын айкалышы жана окутуунун методикалык сапаты кафедра мүчөлөрү тарабынан позитивдүү бааланды.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

4.1. КМИГД кафедрасынын окутуучусу Шермаматов Жолдошбек тарабынан “Геометриялык фигураларды тандоо жана жайгаштыруу (Move & Lasso Tools)” темасында өткөрүлгөн ачык лабораториялык сабак канааттандырарлык деп табылсын.

4.2. Айтылган сунуш-пикирлер эске алынсын жана сабактын усулдук деңгээлин мындан ары жогорулатуу максатында колдонулсун.

4.3. Сабак учурунда колдонулган интерактивдүү ыкмалар, заманбап программалык каражаттар жана студенттердин өз алдынча иштөөсүн уюштуруу тажрыйбасы кафедра окутуучулары тарабынан жайылтылсын.

Төрага: Т.М. Жолдошов

Катчы: А.М. Мамадиярова